Эки жүрөк

Сөзү,обону: Аскаров Рустам (Rustam Shah)

Күндөрүм өтүп барат алыска,

Экөөбүз бөлгөн дүйнө алыстап.

Ал мезгил дайым менин эсимде,

Чыгарба сырды жаным, эч кимге.

Кайырма:

Биз экөөбүз,

Бул өмүрдө,

Эки жолго адаштыкпы?

Тагдыр бизди,

Түгөл кылбай,

Ажыратты түбөлүккө.

Күнүгө ойлоп сени сагынам,

Аябас чын сүйүүгө багынам.

Кайрадан жүрөк ырга толчудай,

Ойлорум көл үстүндө толкундай.

Кайырма

Өткөрүп биз көп жылдарды чогуу,

Билбептирбиз убак эсебин.

Биз үчүн сыноо болдубу?

Мен баары бир унута албайм!